Эски жомок

Сөзү: Ж Арыкова
Обону: Бейшекеев Сыймык
Эрте жазда ээрчип сени баргым бар
Бекем кармап этегиңе тамгым бар.
Эсте калган эски жомок күндөргө
Эркелешип кайрадан бир жангым бар.

Кайырма:
Аттиң, мезгил азабыма айланган
Аттиң, багың башка жанга байланган.
Алып кайра агын суудай алдындан
Арзып сүйөт, кайра өзүңдү арман жан.

Гүлү болдуң, аттиң башка бакчанын
Сен бөлөксүң, мен да жаным башкамын.
Өмүрүңө кайрадан бир кайрылып
Өзүң менен атса гана ак таңым.
Жашоо бизге эми кымбат сезилип
Жашагынын кымбат эркелешип эзилип.
Жалыныңа күйгүм келет чок болуп
Жарыгыма кайрадан бир кезигип.

Билегиме оролсоң ай кайра бир
Бийлесекчи баштагыдай жайдары.
Куштар ырдап биздин гана бакчага
Бизге гана күлүп турса Ай дагы.

Кайырма:
Аттиң, мезгил азабыма айланган
Аттиң, багың башка жанга байланган.
Алып кайра агын суудай алдындан
Арзып сүйөт, кайра өзүңдү арман жан.

Жашоо бизге эми кымбат сезилип
Жашагынын кымбат эркелешип эзилип.
Жалыныңа күйгүм келет чок болуп
Жарыгыма кайрадан бир кезигип.
Жалыныңа күйгүм келет чок болуп
Жарыгыма кайрадан бир кезигип.
Жашоо бизге эми кымбат сезилип